DOI:10.26104/IVK.2023.45.557

ИЗВЕСТИЯ ВУЗОВ КЫРГЫЗСТАНА, № 3, 2023

*Каролова А.М.*

# АКБАР КУБАНЫЧБЕКОВДУН ЫРЛАРЫНДАГЫ ЖАРАТЫЛЫШ ЖАНА ФИЛОСОФИЯ

*Каролова А.М.*

# ПРИРОДА И ФИЛОСОФИЯ В СТИХАХ АКБАРА КУБАНЫЧБЕКОВА

*A. Karolova*

# NATURE AND PHILOSOPHY IN AKBAR KUBANYCHBEKOV'S POEMS

*УДК: 821.515.154*

*Бул макалада Ат-Башыдан чыккан жаш, таланттуу акын Акбар Кубанычбековдун айрым ырларындагы жаратылыш жана адам, өмүр, өлүм проблемаларын камтыган философиялык, диний, этикалык жана эстетикалык көз караштарын чагылдырган чыгармаларына анализ жасалып, өнөр адамынын дүйнө таанымы ачылган. Анын ар бир ыры, ар бир сабы бышып жетилген. Аныдын арлары жөн эле уйкашып калсын деген таризде, бош саптарды жазбайт. Ал ар бир сөзүн кылдаттык менен жазганы анын артыкчылыгы. Акындын өзү жаш болсо дагы, жаштарга, өзүнөн кийинки муунга чакырык жасаган патриоттук, ыймандык, калктын кайгы-касиретин, азабы менен тозогун, улуттун уңгусу болгон улуу тилибиз, санаага салган саясат тууралуу ар-намысты козгогон атуулдук ырлары, адам уулунун адам болушуна кеч эместигин белгилеген философиялык ырлары талдоого алынды.*

***Негизги сөздөр:*** *ыр, ыйман, мүнөз, жашоо-шарт, эл, поэзия, жашоо, өмүр, өлүм, Мекен, жер, дүйнө, философия.*

*В данной статье рассматриваются произведения молодого, талантливого поэта из Ат-Баши Акбара Кубанычбекова, отражающие его философские, религиозно-этнические и эстетические воззрения, в том числе проблемы природы и человека, жизни и смерти в некоторых его стихотворениях раскрыт. Он не пишет пустые строки, чтобы его стихи были просто рифмованными. Его преимущество в том, что он тщательно пишет каждое слово. Несмотря на то, что поэт молод, он вызывает молодежь, следующее поколение к патриотизму, вере, народным страданиям, боли и аду, нашему великому языку, являющемуся корнем нации, патриотическим песням, внушающим честь. В статье были проанализированы произведения о политике и философские проблемы, в которых говорится, что человеку еще не поздно стать человеком.*

***Ключевые слова:*** *песня, вера, характер, условия жизни, народ, поэзия, жизнь,смерть, Родина, земля, мир, философия.*

*This article of a young, talented poet from At-Bashi Akbar Kubanychbekov, reflecting his philosophical, religious, ethical and aesthetic views, including the problems of nature and man, life and death in some of his poems disclosed. He does not write empty lines so that his poems are simply rhymed. His advantage is that he carefully writes down every word. Despite the fact that the poet is young, he appeals to the youth, the next generation, to patriotism, faith, people's suffering, pain and hell, our great language, which is the root of the nation, patriotic songs that inspire honor, politics and philosophy, which says, that it is not too late for the son of man to become a man song were analyzed discusses the works.*

***Key words:*** *song, faith, character, living conditions, people, poetry, life, death, motherland, earth, world, philosophy.*

Адам коомундагы турмуштун өзү сыяктуу, адабият да жандуу өнүгүү процессин башынан кечирип келет. Мындай мыйзаченемдүүлүк адабияттын өнүгүү жолунан байкалып турат. Жыл өткөн сайын мурунку көчтү уланткан кийинки муун да көркөм процессти улантып, өнүктүрүп жүрүп олтураары талашсыз.

Адам баласы байыртадан эле жаратылыштын жашыруун сырларын ачууга, аны чечмелөөгө ашыгып, аны билсе башкаларга да жеткирүүгө, далилдөөгө көп деген аракеттерди жасап келгени анык. Ошону менен бирге эле жаратылышты көздүн карегидей сактоого үндөп келишкен. Адамдын жер үстүндө бакубат күн кечирип, ырыстуу жашап келе жаткандыгынын себепчиси жаратылыш экенин, аларга аяр мамиле керек экенин жазып да, айтып да келишет. Алар: ата-бабалардан айтылып калган уламыштарда, макал-лакаптарда, ырым-жырымдарда ал турсун ырларда да кенен чагылдырылып келген. Алсак, атактуу философ акын аталган - Асан кайгынын оозго алынган, бүгүнкү күнгө чейин жетип актуалдуулугун жоготпогон «санат» ырларында акыл-эстүү адам жан-жаныбарларды ар дайым колдоосу, аларга аяр мамиле жасоо керектигин айткан. Ар кандай оор кырдаалдарда ар бир жандыктын тукум курут болуусунан коркуп, сары-санаага батып жатканын жана ошол эле учулда гармония болушун самап турганын ырларынан көрүүгө болот.

Жаратылыш жана адам, алардын бири-бири менен байланыштуулугу, «бүгүн көргөн эртең жок» өтмүштүү дүйнө жана түбөлүктүүлүк, өз ара бирин-бири шарттоочулук, колдоочулук жана карама-каршылыктуулук, зарылдык жана кокустук сыяктуу түбөлүктүү суроолордун айланасында акыл калчап, ага жооп табууга аракет болгон дүйнөнүн булуң бурчунда жашаган ар түрдүү элдерде ар бир заманда болуп келген. Ушундай традициялуу жана түбөлүктүү маселелер кыргыздардын дүйнө таанымын философиясында биринчи иретте анын көркөм сөз өнөрүндө чагылдырылган.

Кыргыздардын жомок, макал-лакап, табышмак, ыр, дастандарында жана акындар чыгармачылыгындагы чагылдырылган философиялык көз караштар ар бири өз алдынча бир бүтүн философиялык-теориялык, табият таанымдык система түзө албаган менен, алар чогулуп келип улутубуздун философиялык, дүйнө таанымдык көз караштарынын бирдиктүү бүтүн

DOI:10.26104/IVK.2023.45.557



системасын түзүп турат. В.Г. Белинский айткандай: «Поэзия менен философия бири-бирин жерибестен, бири-бири менен тутумдашып өз ара бири-бирин колдоп турушат, ал гана эмес бири-бири менен ушунчалык жуурулушуп кетишет дейсиз, сиз кай бир философиялык чыгарманы алды менен поэтикалык деп, ал эми поэтикалык чыгарманы философия деп аласыз». Андыктан биз сөз кыла турган учурдун жаш акыны, жаш болсо да айткан сөздөрүнүн, жазган ырларынын таамайлыгы курчтугу, философиялык ой-чабытынын күчтүүлүгү менен көпчүлүктүн көңүлүн өзүнүн ырлары менен ойго салган акыныбыз – Акбар Кубанычбеков.

Чындыгында адамдардын мамилелеринин урунттуу учурларын, философиялык тил менен айтканда, алардын универсалдуу байланыштарынын чагылуу учурун таамай сүрөттөө, көркөм сөз өнөрүндө өтө аз кездешет. Акындын ырларында да башкаларга окшобогон өзгөчөлүк, индивидуалдуулук жана жалпылыктар бар. Алсак «Ирмем» ырында,

«Өсөт гүлдөр багбаны багып жатып,
Өтөт күндөр алчусун алып жатып.
Өчү бардай убакыт шашып турат,
Өмүрүмдүн жаштыгын алыстатып,

Сен өлбөйсүң артыңда изиң калса,
Сен жашайсың тарыхта ишиң калса!
Ташты эмес темирди таарып чыгар,
Тишиң барда мокобос мизиң барда» - деп бул өмүр көз ирмемдей убакыттан гана тураарын, ал убакытты пайдалуу, кайталангыс тарыхта атың калгыдай өткөрсөң гана сен өмүр бою өчпөс из калтырган болоруңду айткан. Ал эми чындыгында адам баласы, пендечилик кылып, өмүр узакка созулчудай, бири-бирибиздин көңүлдү кирдетип, майда барат сөздөр, болбогон жосунсуз иш аракеттер менен алектенип жүрөбүз. Акындын бул ырына обон да жаралган. Ал ырды уккан ар бир инсанды ойго салаары ырдын курч саптарынан байкалып турат.

Байыркы Кытай философтору «ким таң калса, ошол философ» деп айткандай, академик Ч.Т. Айтматов минтип жазат «философия – бул билим гана эмес, философия десе эле китепте жазылып турган афоризмдер, тезистер деп кээ бирөөбүз ойлойбуз. Бул да илим жагынаналганда философия. Бирок, турмуштун өзүнүн, калктын, журттун философиясы болгон. Философияны кандайдыр бир өз боюна сиңирип, ошону айта билген мыкты устат сөзмөрлөр гана ырга кошо алат. Ар бир чоң акын философ болгон» деген пикирин айтат. Ал эми белгилүү окмуштуу А.Акматалиев болсо, мындай деген пикирин айтат: «Эгерде илимий философия такталган эрежелер, аныктамалар, теориялык категориялар, тиешелүү принциптер менен чечмеленип, алар коомдук-социалдык өсүп-өнүгүүнүн шартына жараша макал-лакаптардагы философиялык түшүнүктөр элдин башынан кечирген турмуш чындыгын, тарыхый окуяларды сөз өнөрүнүн улуу күчү аркылуу так далилдеп, адам өмүрүндөгү боло турган процесстерди жыйынтыктап койгондугу эч кимди күмөн санатпайт. Демек, элдик философияны жаратып, байытып, сактап, өнүктүрүп келүүгө санат-насыят, терме ырлар, макал-лакаптар казыналык ролун аткарып, жашоого түнөк тапкан уясы болгонун белгилөөгө болот». Мына ушунадан улам акын Акбар Кубанычбековдун айрым ырданындагы философиялыкой жүгүртүүлөрүнө токтолууга туура келет. Акындын ырларында жаш муундарды тиричилик, үрп-адат, каада-салтты үйрөтүүгө байланышкан философиялык ойлор элдик көз караш менен, кылдат чеберчилик менен элестүү берилгенин байкоого болот. Ырлардагы ар бир сөздүн курчтугу, мaанилүүлүгү, жашоодогу туура жол көрсөтүүчү багыт экендиги менен адамдардын бири-бирин сыйлоого, урматтоого ошондой эле адам менен жаратылышка, жаныбарлар менен өсүмдүктөргө мээримдүү болууга чакырган тарбиялык маанидеги ырлары да арбын. Маселен, «Периштенин канаты» ырынын айрым саптарын алалы:

Эмне кылган адамдар жашыл шаарды?
Бузулуптур ой-дити, болгон жагы.
Ачуу жашы сызылып токтобостон,
Тып-тып этип, кирдеген жерге тамды.

Акча, акча, акча деп эки көзү,
Төгүн сөзгө бөлөнгөн жан дүйнөсү.
Эмне болгон буларга, эмне болгон?
Тоңгон тура муз болуп көкүрөгү.

Кыз-эркеги билинбей шым чапташкан,
Кийип басып көчөдө ыржакташкан.
Кайран гана планета касиетиң,
Кайсы кырды капталдап эчак ашкан?» - деген ойлор менен адамдар кайда бара жатканын, адашып бара жатканын айтып эскертип, качан эле кыз-эркеги таанылбай, чапташкан шым кийчү эле? Бул элге эмне болгон? деген суроолор менен жаштарга, азыркы муунга да кайрылып жатат.

Чындыгында чыгармачыл, өнөрпоз адамдар, кайсы мезгил болбосун, кайсы доордо жашабасын, ошол учурдун үнү болуп, улам кийинки муунга мурас катары өзүнүн руханий байлыгын калтырып келген. Мындай чеберчилик бардык эле адамдын колунан келе бербейт.

Өмүр ырлары – философиялык лириканын кеңири тараган түрлөрүнүн бири. Чыгармачылыкта бул түргө кайрылбаган, өмүр ырларын ырдабаган, ой толгобогон, чыгармачыл өнөр адамы жокко эсе. Анткени, жашоодогу эң негизги жашоонун өзөгүн, маңызын түзүп турган бул өмүр, жаш курак экенидиги реалдуу чындык. Мына ушул реалдуу көрүнүштөрдүн ар бирине кайрылып, жашоодо болуп жаткан көрүнүштөрдү жөн гана сүрөттөп койбостон аны жеке сынынан

DOI:10.26104/IVK.2023.45.557



өткөрүп баасын берген жаш акын Акбар Кубанычбековдун «Периштенин канаты» аталышындагы ырлар жыйнагындагы ырларын окуп отуруп, жашоонун маңызы эмнеде, бул дүйнөдөгү адамдардын осуйпасы жана ушуга окшогон, бир топ адам өзүнө-өзү суроо сала тургудай, ойлондурууучу, түйшөлтүүчү философиялык ырларына күбө болобуз. Акындын дээрдлик бардык ырлары адамды ойго салат. «Тилек кыл» ырында,

«Өмүр деген куш сымал учуп өткөн,
Бакыт тиле өзүңө улуу Көктөн.
Пенделерди жакшы, жаман деп бөлбөй,
Алла Таалам талыкпай мээрим төккөн.

Бийлигиң да, акчаң да убактылуу,
Бирок, колдо башкаргын бакыт нугу
Капаланба Кудайдын кылганына,
Бирдей тиет баарына күндүн нуру.

Чыйт түкүрүп, эмгектен жата бербей,
Бирок турмуш чыныда кара керней.
Кейибегин маанисиз өткөн күнгө,
Жашооң жылбайт ансыз да ката кетпей» ырында, жашоо өзү убактылуу сыяктуу эле бийлик да, байлык да келип кетчү нерсе экенин айтса», Кут турмуш» ырында,

«Жөн эле жүрөбүз кийим жыртып,
Чөнтөктүн айынан калдык сылтып.
Кошомат иш үчүн жан талашып,
Кыйынбыз болсо да ойлор тыртык» - деп «оозу кыйшык болсо да, байдын уулу сүйлөсүн» деген мезгилде жашап жатканыбызды белгилеп кеткен. Ошондуктан, мансап үчүн чиренип же тескерисинче жокчулукка кейип кепчигенден көрө талыкпай эмгектенүү керектигин, адамзаттын жашоого келген максатын өзүнүн көз карашында ачып берип, адилеттүүлүктүн, чындыктын адам баласына эң зарыл экенин окурмандарга жеткире алган.Жогоркудагы ырларда келтирилген ыр саптарында байкалып тургандай, Акбар Кубанычбековдун ырларында жаратылыш жана адам баласынын жүрүм-туруму, бири-бирине болгон мамилесинин элесин көркөм боёк менен тартуу аркылуу, алардын ички сезимдерин, психикалык өзгөчөлүктөрүн, турмуштук саптарын, өзгөчөлүгүн сыпаттоо аркылуу, жалпы эле улуттук жан дүйнөсүн адеп-ахлагын көргөзөт. Турмуштун мындай идеялык-көркөм, этика-философиялык көп кырдуулугун баяндоодо, жазуучунун жеке уникалдуулугу, кайталангыстыгы, индивидиалдуулугу, ырларынын оригиналдуулугу аны башка акындардан айырмалап турат. Ар бир акын чыгармасын жаратууда элдин купулуна толгудай кылып, көркөмдүктө берүүгө умтулушат. Айрыкча Акбар өзү да сөз казынасын окуган филолог болгондугу үчүнбү ырларында уякаштыктар да дыкаттык менен берилгени байкалып турат.

Акындын чыгармаларында кызыктуу фактыларды, өмүр, өлүм проблемаларын камтыган философиялык, диний, этикалык жана эстетикалык көз караштарын чагылдырган чыгармалары анын кыял чабытынын кенендиги, логикасынын күчтүүлүгүн айгинелеп, башкалардан айырмалап турат. Акындан мындан аркы чыгармачылык жана өмүр жолу шыдыр болсун.

**Литература:**


1. Айтматов Ч. Эл агымы үзүлбөйт. // Кыргызстан маданияты. - Фрунзе, 1989. - 19-окт.
2. Акматалиева А. Кыргыз адабиятынын тарыхы. - Бишкек, 2002. - 2-том. - 230-б.
3. Жигитов С. Ырлар жана жылдар. - Фрунзе, 1972. - 180-б.
4. Жигитов С. Кечээкинин сабактары, бүгүнкүнүн талаптары. - Фрунзе, 1991. - 248-б.
5. Жигитов С. 20-жылдардагы кыргыз адабияты. - Фрунзе, 1984. - 158-б.
6. Кубанычбеков А. Периштенин канаты. - Бишкек, 2012. - 112-б.
7. Кубанычбеков А. Ак жүрөк. - Бишкек, 2014. - 18-б.
8. Каролова А. Акындын көркөм табылгасы. / Известия ВУЗов Кыргызстана, №7, 2019. - 154-157-бб.